# Паулос элчинин Филемонго жазган каты

### *Кириш сөз*

*Паулос Онисим аттуу кулдун кожоюну Филемонго кат жазат. Филемон Паулостун эски тааныышы болгон. Онисим кожоюнунан качып, түрмөгө түшүп калат. Ал жерде Паулоско жолугуп, Исанын үмөтү болот. Ошондо Паулос Филемондон Онисимди кечирип, эми кулу гана катары эмес, Исага болгон ишеним аркылуу боордошу катары кабыл алуусун өтүнөт. Филемондон Онисимден эмне аласасы, капачылыгы болсо менин эсебиме жаз деп кепилдикке өтөт. Ушундан улам Паулос элчинин адамгерчилик сапатын, устаты Иса сыяктуу боордошторy үчүн өзүн курмандыкка чалууга даяр экендигин байкайбыз. Анын мисалы бизге да үлгү.*

### *Кат башы*

[1]Машаяк Иса үчүн түрмөдө жаткан Паулостон жана боордошубуз Тимотеостон сүйүктүү кызматташыбыз болгон сизге, кымбаттуу Филемон, сиздин үйүңүздөгү жамаатка, эжекебиз Апияга, ишенимдеги жоокерибиз Архипке салам жолдойбуз.

[3]Кудай Атабыз менен Теңири Иса Машаяк баарыңарга ырайым кылып, ынтымак ыроолосун.

### *Филемондун ишеними*

[4]Боордошум Филемон, ар дайым Кудайга сыйынганымда сени эстеп, Кудайга
рахматымды айтам. Анткени Кудай адамдарынын баарына көрсөткөн мээримиң
менен Теңири Иса Машаякка болгон ишенимиң тууралуу кабардар болуп жатам.
[5]Ишенимдешиң катары, ортобуздагы кызматташтыгыбыз, Иса менен бирдиктеги
жашообузда ээ болгон ар батанын терең маанисин түшүнүүгө алып келсе экен деп
сыйынам. Сенин сүйүүң, кымбаттуу боордошум, мени кубанычка бөлөп, кайрат
берди! Сен Кудай адамдарынын баарын чыйралттың!

### *Онисим тууралуу өтүнүч*

[8]Ушул себептен Машаяктын жолундагы боордошуң катары сенден милдеттүү
түрдө талап кыла, чоң сүйлөсөм деле болмок. [9]Бирок сени сүйгөн себебимден
талап кылгандын ордуна өтүнүч менен кайрылып олтурам. Мен, Паулос, аксакал
эле эмес, Машаяк Иса үчүн түрмөдө жаткан адам катарында өтүнүп жатам.
[10]Менин өтүнүчүм — уулум Онисим тууралуу. Ооба, ал чындап эле менин
түрмөдө жатканымда тапкан балам. [11]Бир убакта анын сага пайдасы жок болчу,
бирок азыр ал экөөбүзгө тең пайдалуу болуп калды.

12 Мен Онисимди сага кайра жөнөтүп жатып, аны менен кошо жүрөгүмдү суурып
бергендей болуп олтурам. 13 Жакшы Кабарды таратканым үчүн түрмөдө
олтурганымда, сенин ордуңду басып, мага жардам берсин деп, аны жанымда
калтырсам жакшы эле болмок. 14 Бирок кылган бардык жакшылыктар таңуулоо
сыяктуу эмес, ыктыярдуу түрдө болсун үчүн сенин макулдугуңсуз эч нерсе кылгым
келбеди. 15 Балким Онисимдин сенден убактылуу кеткени, аны кул катары эмес,
кулдан артык, сүйүктүү боордошуң катары кайра биротоло кабыл алууң үчүн
болгондур. 16 Мен үчүн ал абдан кымбат адам, бирок мага караганда сен үчүн кул
катарында жана Теңирдеги боордошуң катарында алда канча кымбатыраак.

17 Ошондуктан эгерде мени кызматташым деп эсептесең, анда аны мени кабыл
алгандай кабыл ал. 18 Эгерде сага бир жамандык кылып, же бир нерсе карыз болуп
калган болсо менин эсебиме жазып кой. 19 Мен, Паулос, муну өз колум менен
жазып жатам. МЕН САГА ТӨЛӨП БЕРЕМ. (Сен мага өз өмүрүң менен карыз
экениңди айтып жатканым жок.)

20 Ошондуктан, боордошум, Теңири Исанын аркасы менен сени бир колдонуп
алууга уруксат этип, Машаяктагы жүрөгүмдү кубантып койчу. 21 Сенин кичи
пейилдигиңе ишенип, ал тургай мында сурангандарымдан да көптү кыларыңды
билген мен ушул катты жазып олтурам.

22 Дагы бир нерсе: мен үчүн бир бөлмөңдү даярдап кой, себеби сыйынууларыңарга
жооп берип, Кудайым мени жакында араңарга алып бараар деген үмүтүм бар.

23 Иса Машаяк үчүн түрмөдө олтурган кызматташым Епафрас да силерге салам
жолдоодо.

Кызматташтарым Марк, Аристархус, Демас жана Лукас да аларга кошулушууда.

Силерге Теңири Иса Машаяк ырайымын ыроолосун.